***DOI:10.26104/NNTIK.2023.91.48.058***

*Нуралиева М.Т.*

# ЭТНОПЕДАГОГИКА – ЭЛДИН ТУРМУШУН ЧАГЫЛДЫРГАН АКЫЛ-ОЙДУН УЮТКУЛУУ КЕНЧИ

*Нуралиева М.Т.*

# ЭТНОПЕДАГОГИКА – СОКРОВИЩА РАЗУМА, В КОТОРОЙ ОТРАЖАЕТСЯ ЖИЗНЬ НАРОДА

*M. Nuralieva*

# ETHNOPEDAGOGY – TREASURES OF THE MIND, IN WHICH THE LIFE OF THE PEOPLE IS REFLECTED

*УДК: 37.013.42:39*

*Бул макалада этнопедагогиканын ролу тарбиялык мааниси боюнча нускалуу ойлор, актуалдуу маселер чагылдырылган. Азыркы учурда окумуштуулардын пикирлеринде этнопедагогика боюнча ар кандай багытта ойлор айтылып келет. Мына ошондой олуттуу ойлор толукталып, кээ бир өзгөчөлүктөр менен элдик педагогиканын маңызын ар тараптуу түшүнүү боюнча келечек муундуун андап таануусуна көмөк көрсөтүүчү материалдар сунушталат. Иште улуу акын жазуучулардын, ойчулдардын илимпоз агай эжелердин калемине таандык чыгармалардын, илимий эмгектердин этнопедагогикага тиешелүү ойлорун мисал келтирүү менен анын ордун ачып берүүчү эмгектер баяндалат. Ошондой эле улуттун чыныгы табериги болгон «Манас» эпосунун өзөктүү мекенчилдик, адамдын бүйрүн кызытып жүрөгүн алоонткон орчундуу окуяларынын тарбиялык маанисин алынып, сүрөттөлөт жана элдик этнопедагогиканын негизи болгон макал-лакаптардын адам жашоосундагы орду жана тарбиясындагы таалими да кеңири чагылдырылган.*

***Негизги сөздөр:*** *келечек муун, макал-лакаптар, материалдар, мекенчилдик, тарбия, улут, элдик педагогика, эпос, этнопедагогика.*

*В статье отражены актуальные вопросы, связанные с ролью этнопедагогики в воспитательном значении. В настоящее время в мыслях ученых высказываются идеи по этнопедагогике в различных направлениях. В дополнение к этим серьезным суждениям предлагается материал, способствующие всестороннему пониманию сущности народной педагогики будущими поколениями. В работе приведены примеры произведений поэтов и писателей, мыслителей, научные труды ученых, описывающие и раскрывающие их место в области этнопедагогики. В нем также отражено воспитательное значение патриотических, трогательных и подлинных событий эпоса «Манас», являющегося подлинным достоянием нации, и широко отражено его место в жизни и воспитании человека статей, ставших основой народной этнопедагогики.*

***Ключевые слова:*** *будущее поколение, пословицы, материалы, патриотизм, воспитание, нация, народная педагогика, эпос, этнопедагогика.*

*The article reflects topical issues related to the role of ethnopedagogics in the educational sense. At present, ideas on ethnopedagogy in various directions are expressed in the thoughts of scientists. In addition to these serious judgments, material is proposed that contributes to a comprehensive understanding of the essence of folk pedagogy by future generations. The paper gives examples of the works of poets and writers, thinkers, scientific works of scientists, describing and revealing the place in the field of ethnopedagogics. It also reflects the educational significance of the patriotic, touching and authentic events of the epic "Manas", which is the true heritage of the nation, and widely reflects its place in the life and upbringing of a person of articles that have become the basis of folk ethnopedagogy.*

***Key words:*** *future generation, proverbs, materials, patriotism, education, nation, folk pedagogy, epic, ethnopedagogy.*

Этнопедагогика – «этнос» жана «педагогика» деген илимий терминдердин курамынан турат. «Этнос» урук, уруу, улут деген түшүнүктөрдү жалпы туюнтуучу илимий термин. Демек, этнопедагогика термини элдердин, урук, уруулардын, улуттардын педагогикалык билимдери менен тажрыйбаларын жалпылоочу илим катары туура негизделген. Г.Н. Волков элдик педагогика» жана «этнопедагогика» ортосундагы чекти ачык жана так ажыраткан [1, 22-б.].

«Элдик педагогика» деген терминди илимге киргизген белгилүү педагог К.Д. Ушинский элдик педагогика жөнүндө мындай деп жазат «Элдик педагогика эл менен төрөлгөн, эл менен кошо өнүккөн, элдин бардык тарыхын, анын жакшы жана жаман сапаттарын чагылдырган. Бул туура аныктама, анткени эл канча жыл жашаса тарбия элдик нукура салттуу тарбия өмүр сүрүп келери бул чындык. Бир муунду экинчи муунга алмаштыруу дагы маанилүү кыртыш эле эмес, колдон колго билинбей өтө турган бийик таберик. Элдик тарбияны азыктандырып, жакшыртып, талапка ылайыкташтырып, коомдун өсүшүнө жараша нугун жоготпостон сактап туруу керек. Элдик педагогиканын генийлиги менен эч ким атаандаша албайт» [2, 300-б.].

Г.Н. Волков «Элдик оозеки чыгармачылыкта, салтта, үрп-адаттарда, элдик оюндарда сакталган педагогикалык маалыматтардын жана тарбиялык тажрыйбалардын тутуму, тарбия жаатындагы элдик эмпирикалык билимдер, оозеки педагогикалык чыгармачылык. Элдик педагогика адамзаттын миң жылдык тажрыйбасын топтогон жана эл арасында биздин күндөргө чейин жашаган педагогикалык маданиятты изилдөөнү сунуш кылат» [1, 7-б.]. Г.Н. Волковдун элдик педагогикага берген бул аныктамасы азыркы педагогикалык илимде туруктуу жана эң эле негиздүү

деп эсептелинип, кыргыз элинин элдик педагогикалык ойлорун изилдөөгө Г. Абдымомунова, Р. Абдыраимова, С. Абрамзон, К. Абышева, А. Акматалиев, А. Алимбеков, А. Алымбеков, Х. Анаркулов, Б. Апышев, Т. Асанова, А. Аттокурова, Ф. Баитова, С. Байгазиев, ж.б. белгилүү педагог-илимпоздордун илимий эмгектеринин чоң салымдары бар.

Элдик педагогика элдик оозеки чыгармачылыкта, үрп-адат, каада-салттарда, оюндарда, нарк-насилинде сакталган педагогикалык, тарбиялык идеялардын тутуму. Ошондой эле эл массаларынын тарыхый жана социалдык тажрыйбаларынан улам жаралып, практикада текшерилип, тастыкталып, муундан-муунга оозеки өтүп келген эмпирикалык билим, көндүм, ыкмалардын тутуму [3]. Албетте, талдоого алынган аныктамаларда айтылгандай элдик педагогиканын өзүнүн басып өткөн тарыхы буга күбө. Элдик тарбия жаатындагы көз караштар, үрп-адаттар, каада-салттардын жыйындысы катары да каралып келет. Анткени бардык жаш курактагы адамдардын инсандык даремети, билими, дүйнөгө болгон көз карашы, менталитети менен жетектелет.

Кыргыз коомчулугуна азыркы ааламдашуунун шартындагы информациялык технологиянын өнүгүү заманы болуп турган кезде улуттук руханий нарктуулуктун кризиси абдан эле сезилип турат. Ошондуктан таалим тарбия маселеси стратегиялык маселе катары ар дайым мамлекеттин көңүлүнүнүн чордонунда турушу зарыл. Тарбия муундан муунга адамдын, улуттун, коомчулуктун топтогон социалдык тарыхый тажрыйбасын, маданияттын, руханий адеп-ахлактык салттарын мурастап өткөрүүнүн негизги куралы болуп саналат. Тарбиянын күчү аркылуу коомдогу өз ара мамиле, карым-катыштын жол-жобосу жүзөгө ашырылып, коом катары сакталып, келечекке карай өнүгөт.

Элдик педагогика – бул улут болуп калыптанганга чейин эле узак мөөнөттө жашап, белгилүү географиялык жана тарыхый шарттардын, элдин керектөөлөрүнүн негизинде өнүгүп-өркүндөп, адамды муундан муунга мурасталган идеялардын, ишенимдердин, ыймандык нарк дөөлөттөрдүн духунда тарбиялоого багытталган эмприкалык билимдердин жана практикалык иш-аракеттердин бөтөнчө системасы [4].

Элдик педагогиканын түгөнгүс казынасы, көөнөрбөс башаты, анын негизги булактары катары элдик оозеки чыгармачылыкты, элдик акындардын чыгармачылыгын, элдик каада салттарды, элдик оюндарды, көркөм жасалга өнөрлөрүн көрсөтүүгө болот. Ал эми элдик педагогиканын илимий педагогикадан айырмалуу касиеттери катары төмөндөгүлөр белгиленет:

1. Элдик тарбиянын тамырынын элдин тарыхы менен өтмө катар байланышта болушунан элдик тарбия маданияты тарыхый категория экендиги.

2. Элдик тарбиянын жаратманы да, мураскери да эл болгондуктан, анын коллективдүү мүнөздө болушу.

3. Элдик педагогиканын демократиялуулугу.

4. Элдик педагогиканын тынымсыз түрдө муундан муунга өтүүсү.

5. Элдик педагогиканын коомдук пикирге таянышы.

6. Элдик педагогикага синкретизмдин («биригишкен», «айкалышкан» деген мааниде) мүнөздүү болушу б.а. элдик тарбиянын турмуштун бардык тарабынан өз ара айкалышта чагылдырып көрсөтүүсү [5].

Кыргыз элинин тарбиялык көз карашында уул балдар менен кыздардын идеалы алардын үй-бүлөдөгү жана коомдогу, турмуштагы алган тарбиясына карай өз алдынча, өзгөчө мерчемдер менен аныкталган. Атап айтсак, уул балдарды тарбиялоонун идеалы – байыркы доорлордон азыркы күнгө чейин «***эр жигит***» деген түшүнүк менен туюнтулуп келет. Жигит идеалынын мазмуну башка элдердин нарк дөөлөттөрүнө, башкача айтканда орус элиндеги «азамат уул» (орус. *Добрый молодец*), жапан элиндеги «*самурай*», англичандардагы «*жентельмен*» деген түшүнүктөргө жакын. Алардын баарына тең эле албеттүүлүк, эр жүрөктүүлүк, тайманбастык, кичи пейилдик, калыстык, ак көңүлдүүлүк, намыскөйлүүлүк, шайдооттук сыяктуу жалпы касиеттер мүнөздүү [5].

Ал эми аял затынын идеалын таамай, так туюнтуп турган «Ак жоолук делбир», «Ак көрпө жайыл», «Жабуулуу кара инген» деген түшүнүктөр да кездешет. «Ак жоолук делбир» түшүнүгү төмөнкүчө чечмеленет: «Мындай аял сымбаттуу келет. Күйөөсүнүн кенедей да көңүлүн калтырбайт. Жоро-жолдоштору дайыма карым-катышта, жылуу мамиледе болот. Аларды сүйлөгөн сөзү, кылган кылыгы менен ыраазы кылат. Үйүн таза кармайт. Балдарын таза, тыкан жүрүүгө тарбиялайт. Маңдайы жарык болот». «Ак көрпө жайыл ургаачы» түшүнүгү акылга дыйкан, мээримдүү, адамгерчиликтүү, жүрүм-туруму менен өзгөлөргө өрнөк боло алган аялды сыпаттоо иретинде колдонулат. Ал эми «Жабуулуу кара инген» үй турмушунда бардык түйшүктү мойнуна алган, уздугу, чеберчилиги менен айырмаланган, ушак-айыңга кошулбаган, ашыкча кеп-сөзү жок, көтөрүмдүү, көпчүлүктүн ишине активдүү катышкан аялды аташкан [5].

Мамлекет өз жарандарынын руханий жактан калыптанышына, өсүшүнө камкордук көрүү жана коомдун мүдөөлөрүнө, муктаждыктарына жараша адамдын адеп-ахлак сапаттарын калыптандырууга багытталган милдеттерине кам көрүү менен тарбиялоонун принциптерин иштеп чыгышы керек. «Руханий байлыгы жок коому - бул макулуктардын коому» деп айтылгандай, ал ченемдүү иш менен тастыкталат.

«Замана деген ушундай, таптаганга жараша түшүм берет, кызылдай тарбияга жараша уулуң болот

замана» (Нурмолдо) [6], «Билбегенин билгизип, минтип жолго салалы, туйбаганын туйгузуп, Манасты туура жолго салалы» (Манас эпосунан), «Баланы жакшыга жанаштыр, жамандан адаштыр», «Уул жакшысы урмат, кыз жакшысы кымбат» (Эл макалы) деген накыл сөздөр элдик педагогиканын илгертеден бери коомдогу таалим-тарбиянын ролун ар дайым көсөмдүк менен аныктап, ага чечүүчү маани берип, изгий жолго салып келген [7].

Эгемендүү мамлекетибизде өлкөбүздүн коом катары, улутубуздун калк катары сакталышына жана өнүгүшүнө карата тирөөч-таяныч болуп берчү, андагы таалим-тарбия ишине багыт катары кызмат кыла турган өзүнүн социалдык, философиялык, моралдык этикалык, руханий-патриоттук системасы болушу керек. Анткени өлкөбүздүн байлыгы келечек муундун руханий байлыгынын деңгээли, сабаттуулугу, жөндөмүүлүгү бийик адамдык чоң адамкерчилигинин уюткусунан тураары анык.

«Манас» баш болгон элдик эпостордогу муундардын ар кандай шарттарда тарбияландыгы боюнча тарбиячылардын, окутуучулардын жетекке ала турган, багыт тута турган жогорку идеясы жана идеялы да болушу зарыл.

Руханий маданият – адамдардын жамааттык аңсезими, туюп-билүүсү, кабыл алуусу тарабынан иштелип чыккан өндүрүштүк ыкмалардын жалпы системасынын жыйындысы. Муундан муунга, укумдан тукумга сөзсүз берилүүчү оозеки чыгармалардын, түрдүү маалыматтардын, таалим-тарбиянын, элдик илим-билим, адаттары жана каада-салттары маданияттын түрдүү багыттары, элдик чыгармачылык, диний ишенимдер жана жөрөлгөлөр менен коштолуп келет [5].

Тарыхта аты калган улуу инсандар, ошол эле Аль-Фараби, Рудаки, Ибн Сина, Фирдоуси, Жайсан ырчы, Жусуп Баласагын, Махмуд Кашкар, Коркут-Ата, Низами Гянжеви, Кет Бука, Кулкожакмат Ясави, Адиб Акмат Жугински, Токтогул ырчы, Толубай сынчы, Асан Кайгы элдин рухий баалуулуктарынын түгөнгүс булагы экендиги талашсыз. Алардан кийинки канчалаган атагы алыс кеткен муундардын чыгармачылык талантынын өсүшүнө жогорудагылардын чыгармалары, басып өткөн жолу демөөр болуп келген. Андан сырткары адамды аны курчап турган чөйрөсү табиятка, жан-жаныбарга жана адамдарга болгон сүйүүсүн, ишенимин арттырып, алар менен болгон байланышынын ажырагыс экендигин элдик оозеки чыгармаларда даана байкалат.

Адеп-ыймандык каада-салты, өзүнүн рухий маданиятыбыз байыркы доордон бери элибизде кылым карытып, жеке өзүнө гана мүнөздүү нарктары менен түптөлгөн. Ар бир элдин тарыхый, этнографиялык жана маданий жалпылыктарында этникалык биримдиктердеги көптөгөн уруулук бирдиктердин өздөрүнө гана мүнөздүү каада-салттары, үрп-адаттары, этномаданияты элдик педагогикасы менен катар жашап келген. Тарыхый маданияттын өзөгү жаратылышка болгон мамилесинде, турмуш-тиричилигинде, оозеки чыгармачылыгында, поэзиясында, улуттук кийиминде, кол өнөрчүлүгүндө, конок күтүү салттарында, өз ара маектешүүлөрүндө сакталып келет. Элибиз эгемендүүлүктү колуна алган мезгилдерден баштап, келечек жаш муундарга адеп-ахлактык жана эстетикалык жактан тарбия берүү маселеси орчундуу болуп келет.

Келечек муунга адеп-ахлактык тарбия берүү боюнча учурдун талаптарына ылайык, элдик маданиятты негизги каражат катары колдонуу жөнүндө сөз кыла турган болсок аягы бүтпөс, учугу кыскарбас, түбү терең чоң философия болот. Жаш муундарга мындай багыттагы тарбия берүүдө элдик салттуу маданияттын мааниси абдан терең экендиги көрсө-тү-лөт. Балдарга адеп-ахлактык тарбия берүүнүн негизи элдик салт, үрп-адаттар, майрамдар, ошондой эле кол өнөрчүлүк ишмердүүлүктөр менен тыгыз байланышта болуу керек экендигин туюп билишибиз абзел. Жогорку жана атайын орто окуу жайларында, өзгөчө мектеп окучуларынын мектептен тышкаркы учурларында келечек муундарга тарбия берүүнүн бир катар маселелери болгон кароо-сынактарга, көргөзмөлөргө ж.б. активдүү катышуусуна көмөк көрсөтүү ар бир ата эненин, педагогдордун, коомчулуктун негизги милдети болуп орун алышы абзел.

Ошондой эле, тарбия берүүдө келечек муунду музыкалык сабаттуулукка да тарбиялоо же багыт берүү боюнча байланыштуулукту бекемдөө руханий тарбиянын негизги өзөгү болмокчу.

Кыргыз тарыхынын бай жана баатырдык мазмуну-мекенчилдик тарбиянын соолбос булагы. Мекенчилдик тарбия берүү үчүн улуттун өзүн-өзү аңдап түшүнүүсүн (национальное самосознание) өстүрүү менен керектүү орошон ойлор, мазмундуу тарбиянын башатын табуу жатат. Индиянын лидери, идеологу Махатма Ганди «Өзүнүн тарыхын ийне-жибине чейин билип, аны жаш муундардын энчисине айландырып жаткан улут – бул бактылуу улут» деп бекеринен айтпаса керек [8].

Элибиздин эзелтен келе жаткан оозеки чыгармачылык бай тарыхы, фольклору, адабияты жана искусствосу таалим тарбиянын көөнөрбөс көрөңгүсү экендигин, ошондой эле жаш муундарды тарбиялоодогу зарылчылыгынын терендигин далилдеп турат.

Азия элдеринин фольклордук адабияттынын катарына туруубузга кыргыз элибиздин оозеки чыгармачылыгынын бай тарыхы себепчи болуп келет. Кыргыз эли даанышман макал-лакаптары, накыл сөздөрү, нуска кептери, рухий адептик дөөлөтөргө бай санат-насыяттары менен элди алдыга сүрөп, баланын жашынан «кулагына куюп, боюңа синирип» тарбиялап келишкен. Мына ушундай улуу нускадагы «Манас» баш болгон залкар эпосторубуз, дастандарыбыз жана

Арстанбек, Женижок, Токтогулдай ак тандай акындарыбыздын мааниси терең улуу философиялык таалим - тарбияга негизделген чыгармалары биздин көөнөрбөс улуу мурасыбыз болуп эсептелинет [8].

Ата-бабаларыбыздан кылымдар бою келе жаткан элдик моралды түзгөн адептик улуу нарк-дөөлөттөр – тарбия таалимдин башаты. Көөнөрбөс элдик этикалык нарктар, адеп-ыймандык мурастар тарбия ишинин пайдубалынын уюткусу болуп турган кубаттуу байлыктарынын бири – бул утурумдук эмес, түбөлүк эсептелген калктын тарыхый тажрыйбасынан пайда болуп, кылымдаган сыноолордон өткөн дөөлөттөрү.

Элдик маданияттын элементтери болуп саналган ырым-жырымдар, каада-салттар, жомоктор, мифтер, уламыштар, ишенимдер, фольклор берилген маданияттын чегинде ар бир адамдын табигый жөндөмү болуп саналган анын эс-тутуму, оозеки сөзү, жандуу тили, ийкеми, угуу сезими аркылуу сакталып калат жана муундан муунга өтөт. Демек, мындай маданият сактоо менен жазып калтыруунун атайын даярдыгын жана өзгөчө мүнөздөгү техникалык каражаттарды талап кылбайт

Бүгүнкү күндө коомубуз адеп - ахлак кризисине дуушар болгондугу чындык. Мектептерде рекет оорусу каптагандыгы белгилүү. Расмий статистика боюнча өспүрүмдөрдүн жана жаштардын арасында кылмыштуулук улам өсүүдө. Статистикалык маалыматтарга таянсак, өлкөбүздө бүгүнкү күндө баңги затын колдонгондордун саны 100 минден ашса, анын 15 пайызын өспүрүм жаштар түзөт. Өспүрүмдөрдүн анкеталык жооптору негизинен «акча», «пайда», «байлик-байлык», «жеке атак-даңк» сыяктуу түшүнүктөрдүн тегерегинде айланчыктап турат. Аларда турмушка жана адамдарга карата прагматикалык-пайдакечтик, өзүмчүлдүк мамиле күч алууда. Ата-бабаларыбыздын салтка айланган адеп-ахлагынан акырындап алыстоодобуз [8].

Кыргызстандын аймагында жүргүзүлгөн социологиялык сурамжылоолорунда бүгүнкү жаштардын көпчүлүгү мектепти, окуу жайларды аяктагандан кийин чет өлкөлөргө кетүүнү каалашкандыгын маалымдап отурат. Анын себеби, биринчиден мамлекетибиздин экономикалык абалы болсо, экинчиден улуттук идеологиянын жоктугу себеп.

Жыйынтыгында, коомубузду каптаган адеп-ахлак кризисинин шартында эгемендүү кыргыз мамлекети өлкөдөгү тарбия инстутуттарына так багыт, нуска болуп бере тургандай улуттук дөөлөттөргө, элдик рухий, адептик-ыймандык нарктарга жана жалпы адамзаттык моралдык кенчтерге негизделген таалим-тарбия стратегиясын, концепциясын түзүп, кабыл алып, анын негизинде узак мөөнөттүү тарбия программасын, практикалык иш-чаралардын комплексин жүзөгө ашырышы күн тартибинде турган зарыл милдет. Элдик тарбиялык негизге таянбаган тарбия күткөндөй түшүм бербестигин тарыхый тажрыйбалар далилдеп отурат.

Руханий-адептик, мекенчилдик тарбиялоо – бул жүрүм-турум адаттардын жана көндүмдөрдүн, адеп-ахлак сапаттардын калыптандыруу процесси.

**Адабияттар:**


1. Волков Г.И. Этнопедагогика. / Учебное пособие. – Чебаксары , 2001. – 22-б.
2. Ушинский К.Д. Избранные произведения в 2т. – Киев: Довира,1993. – Т.1. 584 с.
3. Иптаров С. Жан азыгы. / Учебное пособие. – Бишкек, 2014.
4. Wikipedia https://ky.
5. Алимбеков А. жана башкалар. Кыргыз этнопедагогикасы. Учебное пособие. - 1 бөлүм. – Бишкек, 1996.
6. Шеримбекова А.М. Молдо Кылыч Шамыркан уулунун чыгармаларындагы педагогикалык ойлор. Кандидаттык диссертация. Бишкек. 2016. http://arabaev.kg/dp.kg/uploads.
7. Байгазиев С. Улуу Манас батыр-урпактардын патриоттук идеалы. - Бишкек, 2016.
8. Байгазиев С. Жаш муундарды рухий-адептик жана патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы. - Бишкек, 2013.
9. Нуралиева М.Т. Исследование развития коренных слов по исследованиям Б.М. Юнусалиева. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2010. №. 7. С. 331-334.
10. Алимбеков А. Опыт моделирования учебной дисциплины «Кыргызская этнопедагогика» в высших учебных заведениях. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 1. С. 160-163.
11. Абиева Ю.А. Кыргызская этнопедагогика в структуре педагогического образования. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. №. 5. С. 114-117.